| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ |
|---|---|---|

**Өмүралиев айылдык кенешинин VIII чакырылышынын жыйырма сегизинчи кезексиз кеңешмесинин токтому**

Манас айылы

2023-жылдын 25-сентябрь №116

**Өкүлчүлүктүү жыйынды чакыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 "Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгын аткарууга алып, айыл аймагында өкүлчүлүктүү жыйынына өкүлдөрдү тандоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча депутаттардын ой-пикирлерин жана сунуштарын угуп жана талкуулап чыгып, сессия **токтом кылат** :

1. 2023-жылдын 18-ноябрында өтүүчү өкүлчүлүктүү жыйынына өкүлдөрдү шайлоо боюнча Өкүлчүлүктүү жыйын чакырылсын.
2. Өкүлчүлүктүү жыйын айыл аймагында кварталдык жыйындардан баардыгы 50 делегат шайлансын.
3. Өкүлдөрдү шайлоо боюнча Чат-Базар айылы 1-квартал, Манас айылы Жаңы-Арык участогу Ш.Жумагулов атындагы орто мектепке чейин 2-квартал, Аксай участогу Көчөр көчөсүнүн этегине чейин 3-квартал. болуп бөлүнсүн.
4. Кварталдар боюнча жыйындардын графиги жана өкүлдөрдүн өкүлчүлүктүү ченемдери төмөндөгүдөй болуп бекитилсин. Алар:
   - 1-кварталда жыйын 19-октябрь күнү саат 11.00 А.Оторбаев атындагы орто мектебинин актовый залында өткөрүлсүн. Шайлануучу өкүлдөрдүн өкүлчүлүктүү ченеми 15 делегат;
   - 2-кварталда жыйын 20-октябрь күнү саат 11.00 Ш.Жумагулов атындагы орто мектебинин актовый залында өткөрүлсүн. Шайлануучу өкүлдөрдүн өкүлчүлүктүү ченеми 15 делегат;
   - 3-кварталда жыйын 23-октябрь күнү саат 11.00дө Ж.Огонбаев атындагы маданият үйүндө өткөрүлсүн. Шайлануучу өкүлдөрдүн өкүлчүлүктүү ченеми 20 делегат;
5. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү боюнча жыйындарды өткөрүү төмөндөгү депутаттарга милдеттендирилсин. Алар:
   - У.Камчыбекова жана Б.Абакиров – 1-кварталдын жыйынын өткөрүүгө.
   - М.Ердешов жана М.Жумалиев –2 кварталдын жыйынын өткөрүүгө;
   - К.Батырбекова жана Б.Жапаров – 3кварталдын жыйынын өткөрүүгө;
6. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү жана уюштуруу боюнча төмөндөгү жумушчу топтун курамы бекитилсин. Алар:
   - М.Доолоталиев - Айылдык Кеңештин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;
   - П.Кыдыкова - жооптуу катчы, жумушчу топтун катчысы;

**МҮЧӨЛӨРҮ:**

- М.Кенжегараев - Айылдык Кеңештин депутаты;
- Т.Бейшеналиев - Айылдык Кеңештин депутаты;
- Д.Атантаев -Демилгелүү топтун мүчөсү;
- Э.Кашкаралиев -демилгелүү топтун мүчөсү;
- А.Мусуралиева - Аялдар Кеңешинин төрайымы;
- Уланбек кызы Нури - Айылдык Кеңештин депутаты;
- Г.Чегебаева - Айылдык Кеңештин депутаты;
-

7. Окуучулуктуу жыйынына окуулөрдү шайлоо боюнча жыйындар өткөрүлө турган күн, убакыт, өткөрүлүүчү жай тууралу айыл тургундарынын ватсап группаларына , жарыя такталарына маалымат таратылсын.

8. Жыйындар өтүүчү жайды тиешелүү техникалык жабдуулар менен жабдуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

9. Токтомдун аткарылышы жеке өзүмдүн көзөмөлүмө калтырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **М.Дөөлөталиев**